# ЭЛҮҮ СОМ



Автор: Мира Кокоева

Сүрөтчү: Алёна Дин

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# ЭЛҮҮ СОМ

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Элүү сом" (кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева, сүрөтчү Алёна Дин, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Пятьдесят сом*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Ого! 50 сом! – Алмаш жерде жаткан акчаны көрдү.

– Кызык, муну ким жоготту экен? – Ал акчаны алып, ээсин издеди.

Апасы ашканада экен. Чоң энеси уктап жатат…

– Акчага анын ээси ким экени жазылбайт да. Андыктан бирөөнүн жоготкону – менин тапканым. Эгер өзүмдө болгон акчамды кошсом, анда абдан таттуу бисквит кошулган балмуздак сатып алам. Акчаны өзүмө калтырсам болобу? – деп ойлоду Алмаш.

Акчаны алып калуу менен кайра ээсине кайрып берүү ойлору кармашып жатты.

– Албетте, акчаны өзүң алып кал!


– Кой, андай кылба!

– Алып кал. Ким билмек эле?!

– Сен аны ким жоготконун, ээси ким экенин билишиң керек.

– Бул болгону 50 эле сом да. Ээси аны унутуп деле койду да. Өзүң эле алып кал!





– Кайда тоголонуп кетти? Каякка түшүп калды… – Чоң энеси кейип жатты.

– Чоң энем издеп жатат. Ал жоготкон турбайбы, – деп ойлоду Алмаш.

– Мына, чоң эне! Мен алып калайын деген эмесмин! – акчаны чоң энесине сунуп.

– Таптым, – Чоң эне колунда жаңгагын кармап Алмашка бурулду. – Сен мага эмне берейин дедиң эле?

– Эч нерсе эмес. Хе-хе-хе! Жөн эле, – Алмаш шашкалактады.




– Кантип жоготуп алдым? – Апасы ашканада бир нерсени издеп жатыптыр.

– Апам  жоготуп койгон го? – Алмаш бушайман боло баштады.

– Жаныма  салгандай болдум эле. Кайда койдум? – Апасы шкафты аңтарып жатты.

– Апаке, мына, алыңыз», – Алмаш акырын сүйлөп 50 сомдукту сунду. Апасы анын сөзүн уккан да жок.

– Ох, таптым! – Апасы фартугунун чөнтөгүнөн бир бүктөм кагаз алып чыкты.

– Сиз ушул кагазды издеп жаттыңыз беле? – деди Алмаш.

– Ооба, керектүү телефон номерин жазып койдум эле, кайда койгонумду унутуп калыптырмын.

Алмаштын ичинде дагы эки каалоо кармашып жатты.

– Акчаны тез эле сарптоо керек!

– Андай эмес, короткон болбойт!

– Шашылыш керек!


– Жок, жок! Андай кылба!

Башында түрдүү ойлор туман болуп турду.

– Болду, жетишет! Сыртка чыгып ойноп келейин! – Алмаш кыжырдана үн катты.

Апасы менен чоң энеси аны таң калып карап калышты.






– Мен азыр бир нерсе сатып алам! – Алмаш Сильвия досу менен дүкөнгө кирип баратып.

– Азыр акчамдын баарын коротом! – деди Алмаш. – Акчаң көппү? – Сильвия таңдана сурады.

– Ооба, көп эле, – ишенимсиз жооп берди Алмаш.

Бисквит балмуздак 200 сом турат. Алмаштын акчасы – 150 сом.

– 50 сомду кошсом жетет экен! – деп ойлоду Алмаш.



– Мен киви кошулган балмуздак аламын. Ал 80 сом турат, – деди Сильвия.

– Меникинен жейсиң. – деп Алмаш капчыгын ачты.

– Балам, дагы он сом жетпей жатат! – деген сатуучунун үнү угулду. Сатуучуга жалдырай карап алты жаштагы бала турган экен.


– Эми эмне кылам? Апам урушат! – бала көзүнө жаш алып, жерден тыйынын издей баштады. – Жок! Жоготуп коюпмун!

– Ыйлаба, мына! – деп Алмаш ага боору ооруп, балага он сомдук тыйын сунду.

– Ыракмат, эжеке, – деди бала көз жашын сүртүп, көргөн көзүнө, уккан кулагына ишенбей.

– Азаматсың, Алмаш! – Сильвия досуна сыймыктана карады.

– «Сага бирөө «эжеке» деп кайрылганы кандай сонун», – деди Алмаш жылмайып.



– Кандай болуп кетти? Балага 10 сом бердим, өзүмдө 90 сом эле калыптыр. Бирок 140 сом калышы керек эле. – Алмаш акчаларын санап кирди.


– 50 сом тапкам, кайра өзүмдүкүн жоготуп койдумбу? Эми Сильвиядай эле киви балмуздак сатып аламбы, – деп ойлоду ал көңүлү чөгүп.

– Сага эмне болду? – Алмаштын ойлуу турганын көрүп Сильвия тынчсыздана баштады.

– Мен деле акчамды үнөмдүү колдонуп, сен алгандай эле балмуздак сатып алайын. – Ал жылмайып койду.

Достор балмуздак сатып алышып, көчөдө шаңдуу келе жатышты.





– Эч кимге айтпаганың менен, баары бир өзүңдү алдай албайсың. Акчаны кимдир бирөө жоготту да. Ошол адамга да жанагы баладай жаман болуп жаткандыр... Кой, акчанын ээсин таап, кайтарып берүү керек! – деп Алмаш жолдо келе жатып ойлоду.




– Ким 50 сом жоготту? – деп Алмаш үйүнө кирип эле сурады.

– Мен жоготкон жокмун, баарын эсептеп жүрөм, – деди чоң энеси.

– Мен да жоготкон эмесмин. Дүкөндөн бара элекмин. Балким, өзүң жоготсоң керек. Дайым эле шашкалактап жүрөсүң, – деди апасы.



– Ошондо бул акчаны өзүм жоготкон окшойм», – деп ойлоду Алмаш. Ал акчаларын бир чөнтөктөн алып, экинчи чөнтөккө салганын эстеди.

Ошону үчүн акчасы жетпей жаткан экен да. Болгону 50 сом! 50 сом! – деди Алмаш.

Кечке 50 сомдун ээсин издеп убара болгонуна карабай, элүү сомдун ээсин тапканына күлкүсү келди. Бирок чоочун балага жардам бергенин эстеп, өзүнө ыраазы болду!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган:
Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли